КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ЧРЕЗВЫЧАЙНЫХ СИТУАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# Б У Й Р У К
# П Р И К А З

2023-жылдын "1"-сентября № 2-Д Бишкек ш.

## Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинде коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмесин бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинде коррупциянын келип чыгуу тобокелдигин төмөндөтүү максатында, "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесинин 4-бөлүгүнө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин өткөрүп берилген ченем жаратуу ыйгарым укуктарын ишке ашыруу тартиби жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-майындагы № 293 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу" токтомуна ылайык, **буйрук кылам**:

1. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинде коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмеси (мындан ары – Тизме) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Тизмеде көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин түзүмдүк, аймактык жана ведомстволук бөлүмдөрүнүн жетекчилери туруктуу негизде төмөнкү иштерди жүргүзүшсүн:

– орун алган коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу боюнча;

– баш ийген кызматкерлердин коррупцияга каршы укуктук аң-сезимин жогорулатуу боюнча;

– баш ийген бөлүмдө коррупциялык тобокелдиктер бар учурларды жана кырдаалдарды төмөндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу боюнча иш-чараларды туруктуу негизде жүргүзүшсүн.

3. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Калк жана массалык маалымат каражаттары менен иштөө башкармалыгынын башчысы ушул буйрук катталган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы № 117

"Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө" токтомуна ылайык аны расмий жарыялоону камсыз кылсын.

4. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Укуктук камсыздоо жана коррупцияны алдын алуу башкармалыгынын башчысы:

1) расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде бул буйруктун көчүрмөлөрү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн мамлекеттик жана расмий тилдерде эки нускада, кагаз жана электрондук түрдө жарыялоо булактары жөнүндө маалыматты көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн;

2) ушул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде бул буйруктун көчүрмөлөрү Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Антикоррупциялык ишкердик кеңешке маалымат үчүн жөнөтүлсүн.

5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин укуктук камсыздоо жана коррупцияны алдын алуу башкармалыгынын башчысына жүктөлсүн.

6. Буйрук тиешелүү адамдарга жеткирилсин.

7. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Министр** **Б.Э. Ажикеев**

Жөнөтүлсүн: Түзүмдүк, аймактык жана ведомстволук бөлүмдөргө.

Мамбетов А.М. Мазарипов А.А. Шамырканов У.М. Отпуск

Кулматов Э.М. Орозобеков У.К. Токторов А.А.

01.09.23

Нурмамбетова А.Ж. Медербек кызы М. Першин Г.Г.

Кыргыз Республикасынын
ӨКМинин 2023-жылдын
1-сентябрьг № 2-Д
буйругуна тиркеме

# Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинде коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмеси

| № п/м | Министрликтин функциясы (ыйгарым укугу) | Коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлар жана кырдаалдар | Коррупциялык тобокелдиктин категориясы: системалуу (реалдуу), потенциалдуу, кырдаалдык | Коррупциялык тобокелдиктин деңгээли (төмөнкү, ортонку, жогорку) | Түзүмдүк, аймактык же ведомстволук бөлүмдүн аталышы | Коррупциялык тобокелдикке кабылган кызмат орундары | Коррупциялык тобокелдиктин пайда болушу мүмкүн болгон башка мамлекеттик органдар/ жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (эгер бар болсо, кайсы экенин көрсөтүү зарыл) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Тармактык саясат функциялары** | | | | | | | |
| 1 | Кадрларды даярдоо жана алардын квалификациясын жогорулатуу | Даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатууга жиберүү үчүн талапкерлерди тандоо | Кырдаалдык | Орто | Кадр башкармалыгы, түзүмдүк, аймактык жана ведомстволук бөлүмдөрүнүн жетекчилери | Жетекчилери<br>Тандоо комиссияларынын мүчөлөрү | Кызматкерлерди даярдоого, кайра даярдоого жана квалификациясын жогорулатууга жиберүүчү мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары |
| 2 | Радиациялык авариялардын кесепеттерин иликтөө | Күнөөлүүнүн кылган жосунунун жана терс кесепеттеринин | Кырдаалдык | Орто | Калдык сактоочу жайлар менен иштөө боюнча департамент | Жетекчиси, иликтөөгө тартылган адистер | Иликтөө жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу укук коргоо органдары |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | себептик байланышын аныктоо | | | | | |
| 3 | Өзүнүн өндүрүшүндө күчтүү таасир этүүчү уулуу заттарды кармаган объекттерди изилдөө жана эсебин жүргүзүү | Объектилерди изилдөөнүн жыйынтыктарын чыгаруу | Кырдаалдык | Орто | Калдык сактоочу жайлар менен иштөө боюнча департамент | Жетекчиси, иликтөөгө тартылган адистер | Жок |
| **Жөнгө салуу функциялары** | | | | | | | |
| 4 | Жарандык коргонуу, өрт коопсуздугу жаатындагы жазма эскертүүлөрдү жана көрсөтмөлөрдү берүү | Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча жазма эскертүү берүү зарылдыгын аныктоо | Кырдаалдык | Орто | Министрликтин аймактык бөлүмдөрү<br><br>Өрттү көзөмөлдөө боюнча кызмат | Жетекчилер, текшерүүгө жана жазма эскертүүлөрдү түзүүгө тартылган адистер | Жок |
| 5 | Ишканаларда жана уюмдарда сакталган мамлекеттик материалдык резервдин материалдык баалуулуктарын сандык жана сапаттык жактан текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча актыларды түзүү | Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча ишенимдүү маалыматтарды актыларда көрсөтүү | Кырдаалдык | Орто | Мамлекеттик материалдык резервдер фонду | Жетекчилер, текшерүүгө жана жазма эскертүүлөрдү түзүүгө тартылган адистер | Жок |
| 6 | Мамлекеттик материалдык резервдин материалдык баалуулуктарын түзүү, жаңылоо, алмаштыруу, сактоо боюнча жооптуу | Контролдук-эсепке алуу документтеринде ишенимдүү маалыматтарды көрсөтүү | Кырдаалдык | Орто | Мамлекеттик материалдык резервдер фонду | Жетекчиси, көзөмөл жүргүзүүчү адистер | Жок |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | сактоочулар тарабынан аткарылышын контролдоо | | | | | | |
| 7 | Ар кандай субъекттер тарабынан мобилизациялык резервдин комплекттелишин контролдоо | Контролдук-эсепке алуу документтеринде ишенимдүү маалыматтарды көрсөтүү | Кырдаалдык | Орто | Мамлекеттик материалдык резервдер фонду | Жетекчиси, көзөмөл жүргүзүүчү адистер | Жок |
| 8 | Өрт-куткаруу кызматтарын жана авариялык куткаруу кызматтарын, түзүмдөрдү аккредитациялоону жана аттестациялоону жүргүзүү | Аккредитациялоонун (аттестациялоонун) шарттарына шайкеш келишин аныктоо | Кырдаалдык | Орто | Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору | Жетекчиси, аккредитациялоонун (аттестациялоонун) шарттарына шайкештигин баалоого тартылган адистер | Жок |
| 9 | Жарандык коргонуу, өрт коопсуздугу жана гидрометеорология жаатындагы талаптардын сакталышы бөлүгүндө калктуу конуштардын жана объекттердин башкы пландарынын долбоорлоруна мамлекеттик экспертиза жүргүзүүгө катышуу | Тармактык экспертизанын жыйынтыгы боюнча түзүлгөн документтерде так маалыматтарды көрсөтүү | Кырдаалдык | Орто | Өрттү көзөмөлдөө боюнча кызмат<br><br>Министрликтин аймактык бөлүмдөрү<br><br>Гидрометеорологиялык кызмат | Жетекчилер, экспертиза жүргүзүүгө тартылган адистер | Калктуу конуштардын башкы пландарынын долбоорлорун экспертизадан өткөрүүгө тартылган мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары |
| 10 | Коргоо объекттеринин, өрттөн коргоо системасынын долбоордук | Экспертизанын жыйынтыгы боюнча корутундуда ишенимдүү | Кырдаалдык | Орто | Өрттү көзөмөлдөө боюнча кызмат | Жетекчиси, экспертиза жүргүзүүгө тартылган адистер | Жок |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | документтерине мамлекеттик өрт-техникалык экспертизанын жыйынтыгы боюнча корутундуларды берүү | маалыматтарды көрсөтүү | | | | | |
| 11 | Жер казынасын пайдалануу укугун алууга жана дарыялардын жана башка көлмөлөрдүн нугунда же жээктеринде иштерди жүргүзүүгө макулдук берүү | Белгиленген талаптарга шайкештигин аныктоо жана макулдук берүү жөнүндө чечим кабыл алуу | Кырдаалдык | Орто | Министрликтин аймактык бөлүмдөрү Гидрометеорологиялык кызмат | Жетекчилер, талаптарга шайкештигин аныктоого тартылган адистер | ЖӨБ органдары, Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги |
| 12 | Өзүнүн компетенциясынын чегинде укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштү жүргүзүү | Күнөөлүүлөрдү, жасалган жосундун себептик байланышын жана кесепеттерин аныктоо, укук бузуулар жөнүндө материалдарда ишенимдүү маалыматтарды көрсөтүү | Кырдаалдык | Орто | Укук бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссия<br><br>Өрттү көзөмөлдөө боюнча кызмат<br><br>Гидрометеорологиялык кызмат | Укук бузуулар жөнүндө иштерди кароого тартылган комиссия мүчөлөрү, жетекчилер, адистер | Укук бузуулар жөнүндө иштерди өз компетенциясынын чегинде кароого ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар |
| | **Координациялоо, контролдоо жана көзөмөлдөө функциялары** | | | | | | |
| 13 | Ар кандай субъекттердин өрт коопсуздугу жаатындагы талаптарын, ченемдерин жана эрежелерин | Контролдук-эсепке алуу документтеринде ишенимдүү маалыматтарды көрсөтүү | Кырдаалдык | Орто | Өрттү көзөмөлдөө боюнча кызмат | Жетекчиси, контролду жүзөгө ашырууга тартылган адистер | Укук коргоо органдар |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | сактоосун контролдоо | | | | | | |
| 14 | Лицензиялардын, уруксаттардын, күбөлүктөрдүн, иштин түрлөрү боюнча макулдашуулардын шарттарынын аткарылышын контролдоо | Контролдук-эсепке алуу документтеринде ишенимдүү маалыматтарды көрсөтүү | Кырдаалдык | Орто | Өрттү көзөмөлдөө боюнча кызмат | Жетекчиси, контролду жүзөгө ашырууга тартылган адистер | Укук коргоо органдар |
| 15 | Курулуш объекттеринин жана алардын долбоордук документтеринин өрт коопсуздугунун талаптарына шайкештигин, курулуш объекттеринин долбоорлору боюнча өрт коопсуздугу жаатында корутундунун болушун контролдоо | Контролдук-эсепке алуу документтеринде ишенимдүү маалыматтарды көрсөтүү | Кырдаалдык | Орто | Өрттү көзөмөлдөө боюнча кызмат | Жетекчиси, контролду жүзөгө ашырууга тартылган адистер | Укук коргоо органдар |
| 16 | Ар кандай субъектердин Жарандык коргонууну уюштуруусун жана жүргүзүүсүн контролдоо | Контролдук-эсепке алуу документтеринде ишенимдүү маалыматтарды көрсөтүү | Кырдаалдык | Орто | Министрликтин аймактык бөлүмдөрү | Жетекчилер, контролду жүзөгө ашырууга тартылган адистер | Жок |
| 17 | Жогору турган органдарына жана укук коргоо органдарына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, | Жоопкерчиликке тартуу зарылдыгы жөнүндө маселени акыйкат чечүү | Кырдаалдык | Орто | Жарандык коргонуу башкармалыгы<br><br>Министрликтин аймактык бөлүмдөр | Жетекчилер | Жок |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ошондой эле Жарандык коргонуу жаатындагы жана өзгөчө кырдаалдар учурунда ченемдерди, эрежелерди жана стандарттарды бузгандыгы үчүн кызмат адамдарын жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунуштарды киргизүү | (айрым фактыларды жаныруу маселеси) | | | | | |
| **Кызмат көрсөтүү функциялары** | | | | | | | |
| 18 | Шахталардын жана кендердин атайын жабдууларына сыноо жүргүзүү | Сыноону объективдүү өткөрүү, корутунду берүү | Кырдаалдык | Орто | Калдык сактоочу жайлар менен иштөө боюнча департамент | Жетекчиси, сыноолорду жүргүзгөн адистер | Жок |
| 19 | Өрт коопсуздугу жаатындагы заттарды жана материалдарды сыноо жүргүзүү жана сертификациялоо | Сыноону объективдүү өткөрүү, корутунду берүү | Кырдаалдык | Орто | Сыноо лабораториясы | Жетекчиси, сыноолорду жүргүзгөн адистер | Жок |
| 20 | Министрликтин карамагына кирген маселелер боюнча ар кандай субъекттерге маалыматтык жана консультативдик көмөк көрсөтүү | Маселени объективдүү жана өз убагында кароо, кайрылууну кайра багыттоо жөнүндө маселени чечүү | Кырдаалдык | Орто | Ар кандай субъекттердин кайрылууларын кароого жана чечүүгө тартылуучу бөлүмдөр | Жетекчилер, кайрылууларды кароого тартылган адистер | Мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары |
| **Ведомстволук бөлүмдөрдүн кошумча функциялары** | | | | | | | |
| 21 | Мамлекеттик сатып алууларды өзүнчө ишке ашыруу | Талаптарды жана критерийлерди объективдүү аныктоо, сатып | Кырдаалдык | Орто | Сатып алуулар бөлүмү, мамлекеттик сатып алуулар боюнча комиссия | Жетекчилер, комиссиянын мүчөлөрү, мамлекеттик сатып | Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | алуулардын документтерин изилдөө, жеңүүчүлөрдү аныктоо | | | Министрликтин ведомстволук бөлүмдөрү | алууларды уюштурууга жана өткөрүүгө жоопту адамдар | мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары |
| 22 | Рыноктук конъюнктурадан улам коммерциялык уюмдар үчүн товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын өз алдынча аныктоо | Рыноктун конъюнктурасын изилдөө боюнча ишенимдүү маалыматтарды чогултуу, наркты объективдүү аныктоо | Кырдаалдык | Орто | "Авиациялык ишкана" МИ<br><br>"Авиациялык издөө-куткаруу кызматы" МИ<br><br>"Өзгөчө кырдаалдарга чара көрүү боюнча түндүк борбору" МИ | Жетекчилер, рыноктун конъюнктурасын изилдөөгө тартылган адистер | Кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын өз алдынча аныктоого ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары |
| 23 | Ыкчам башкаруу укугуна таандык жабдууларды, транспорт каражаттарын жана башка материалдык баалуулуктарды келишимдик негизде өткөрүп берүү, ижарага берүү | Ижарага берүүнүн экономикалык максатка ылайыктуулугу жөнүндө маселени чечүү<br><br>Ар бир процедураны расмий түрдө тариздөө (расмий каттоосу жок ижарага берүү маселеси) | Кырдаалдык | Орто | "Авиациялык ишкана" МИ<br><br>"Авиациялык издөө-куткаруу кызматы" МИ<br><br>Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору<br><br>Суучулдарды даярдоо жана суу алдындагы техникалык иштерди аткаруу борбору (Суучулдар кызматы) | Жетекчилер, келишимдерди түзүүгө, эсептик маалыматтарды жүргүзүүгө, мүлктү пайдаланууну контролдоого жооптуу адистер | Мүлктү ижарага берүүгө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары |
| 24 | Жарандык коргонуу жаатында алдын алуучу жана коргоочу мүнөздөгү биринчи кезектеги объекттерди долбоорлоо жана | Мамлекеттик тапшырыктын жол-жобосун объективдүү жүргүзүү | Кырдаалдык | Орто | Өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана жоюу боюнча капиталдык курулуш департаменти | Жетекчиси, мамлекеттик тапшырыкты уюштуруу жана контролдоо үчүн жооптуу адистер | Мамлекеттик тапшырыктын функцияларын компетенциясынын чегинде жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | куруу боюнча мамлекеттик тапшырыктын функцияларын ишке ашыруу | | | | | | мамлекеттик органдар |
| 25 | Министрликтин программасына киргизилген Жарандык коргонуу жаатындагы коргоочу курулмалардын жана башка объекттердин курулушун контролдоо жана техникалык көзөмөлдөө | Контролдук-эсепке алуу документтеринде ишенимдүү маалыматтарды көрсөтүү | Кырдаалдык | Орто | Өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана жоюу боюнча капиталдык курулуш департаменти | Жетекчиси, контролду жүзөгө ашырууга тартылган адистер | Жок |
| 26 | Жарандык коргонуу жаатындагы курулуштарды жана курулуш объекттерин баштапкы-уруксат берүүчү, долбоордук-сметалык документтер менен өз убагында камсыз кылууну уюштурууну контролдоо | Контролдук-эсепке алуу документтеринде ишенимдүү маалыматтарды көрсөтүү | Кырдаалдык | Орто | Өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана жоюу боюнча капиталдык курулуш департаменти | Жетекчиси, контролду жүзөгө ашырууга тартылган адистер | Жок |
| 27 | Коргоочу инженердик курулмалардын долбоорлорун экспертизадан өткөрүү | Экспертизанын жыйынтыгы боюнча корутундуда ишенимдүү маалыматтарды чагылдыруу | Кырдаалдык | Орто | Өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана жоюу боюнча капиталдык курулуш департаменти | Жетекчиси, экспертиза жүргүзүүгө жана корутунду түзүүгө тартылган адистер | Жок |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 28 | Жаңы коргоочу курулуштарды куруу | Техникалык регламенттерди, ченемдерди, келишимдин шарттарын жана техникалык тапшырмаларды сактоо менен сапаттуу курулуш | Кырдаалдык | Орто | "Сел жана суу ташкындарынан коргоо" кызматы | Жетекчиси, келишимдерди түзүү, эсептик маалыматтарды жүргүзүү, мүлктү пайдаланууну контролдоо, курулушту уюштуруу жана контролдоо үчүн жооптуу адистер | Жок |
| 29 | Сактоо эрежелерине ылайык мамлекеттик материалдык резервдин материалдык баалуулуктарын жайгаштырууну камсыз кылуу максатында объекттерди курууну жана оңдоо иштерин уюштуруу | Техникалык регламенттерди, ченемдерди, келишимдин шарттарын жана техникалык тапшырмаларды сактоо менен курулушту жана оңдоо иштерин сапаттуу уюштуруу | Кырдаалдык | Орто | Мамлекеттик материалдык резервдер фонду | Жетекчиси, келишимдерди түзүү, эсептик маалыматтарды жүргүзүү, мүлктү пайдаланууну контролдоо, курулушту уюштуруу жана контролдоо үчүн жооптуу адистер | Жок |
| 30 | Радиациялык коркунучтуу зоналарда иштегенде кызматкерлердин бөөдө кырсыктардан жана каза болууларынан милдеттүү камсыздандырууну жүргүзүү | Камсыздандыруучуну экономикалык жактан максатка ылайыктуу жана объективдүү тандоо<br><br>Камсыздандыруу окуяларынын Шайкештиги жөнүндө маселени чечүү | Кырдаалдык | Орто | Калдык сактоочу жайлар менен иштөө боюнча департамент | Жетекчиси, камсыздан-дырылуучуну издөө жана аныктоо, камсыздан-дырылуучулар менен келишимдерди түзүү үчүн жооптуу адистер | Кызматкерлердин өмүрүн жана ден соолугун камсыздандырууну жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары |
| 31 | Белгиленген үлгүдөгү окутуу жөнүндө сертификаттарды | Сертификаттарды, күбөлүктөрдү жана суучулдар китепчелерин | Кырдаалдык | Орто | Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору | Жетекчилер, сертификаттарды, окуу жөнүндө күбөлүктөрдү жана | Жок |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | жана / же күбөлүктөрдү жана суучулдар китепчелерин берүү | берүүнүн шарттарына ылайыктуулугун аныктоо | | | Суучулдарды даярдоо жана суу алдындагы техникалык иштерди аткаруу борбору (Суучулдар кызматы) | суучулдар китепчелерин берүүнүн шарттарына шайкештигин аныктоого жоопту адистер | |
| 32 | Республикада суучулдар жумуштарынын бардык түрлөрүнө, анын ичинде келишимдик негизде медициналык күбөлөндүрүүнү жана уруксат берүүнү жүзөгө ашыруу | Объективдүү медициналык күбөлөндүрүү<br><br>Уруксат берүүнүн шарттарына шайкештигин аныктоо | Кырдаалдык | Орто | Суучулдарды даярдоо жана суу алдындагы техникалык иштерди аткаруу борбору (Суучулдар кызматы) | Жетекчиси, специалисты, медициналык корутундуларды иштеп чыгууга жана түзүүгө жоопту дарыгерлер | Жок |
| 33 | Ар кандай субъекттерге өзгөчө кырдаалдарды болтурбоо, калкты көчүрүү жана коркунучтуу табигый процесстер менен кубулуштарга дуушар болгон тилкелерден объекттерди көчүрүү боюнча биринчи кезектеги алдын алуу иштерин аткаруу жөнүндө милдеттүү көрсөтмөлөрдү берүү | Жазма эскертүүлөрдү берүү зарылдыгы жөнүндө маселени объективдүү чечүү<br><br>(айрым фактыларды жашыруу жөнүндө маселе) | Кырдаалдык | Орто | Өзгөчө кырдаалдарга мониторинг жүргүзүү, божомолдоо департаменти | Жетекчиси, текшерүүгө тартылган адистер | Жок |
| 34 | Борбордук суучулдар квалификациялык комиссиясынын суучулдар иши, суу- | Уруксат берүүнүн, аттестациялоонун шарттарына | Кырдаалдык | Орто | Суучулдарды даярдоо жана суу алдындагы техникалык иштерди | Жетекчиси, уруксат берүүнүн, аттестациялоонун шарттарына | Жок |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | куткаруу иши, дайвинг боюнча адистерге белгиленген терендиктерде суу алдындагы техникалык иштерге уруксат берүү, аттестациялоо, ырастоо жана квалификациясын жогорулатуу боюнча ишин жүзөгө ашыруу | ылайыктуулугун аныктоо | | | аткаруу борбору (Суучулдар кызматы) | ылайыктуулугун аныктоо үчүн жооптуу адистер | |
| 35 | Суучулдар тематикасы боюнча эксперттик корутундуларды жана сапатка эксперттик баа берүүнү даярдоо | Корутундуда жана эксперттик баалоодо ишенимдүү маалыматтарды көрсөтүү | Кырдаалдык | Орто | Суучулдарды даярдоо жана суу алдындагы техникалык иштерди аткаруу борбору (Суучулдар кызматы) | Жетекчиси, экспертиза жүргүзүүгө тартылган адистер | Жок |
| 36 | Гидротехникалык жана башка суу чарба курулмаларынын плотиналарынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча комиссиянын ишине катышуу | Тармактык текшерүүнүн жыйынтыгында жана комиссиянын чечиминде ишенимдүү маалыматтарды көрсөтүү | Кырдаалдык | Орто | Суучулдарды даярдоо жана суу алдындагы техникалык иштерди аткаруу борбору (Суучулдар кызматы) | Жетекчиси, комиссияга катышууга тартылган адистер | Плотиналардын, гидротехникалык жана суу чарба курулмаларынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча комиссияга катышууга тартылган мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары |
| 37 | Мамлекеттик акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөө түрүндө келип түшкөн финансы | Финансылык каражаттарды максатка ылайыктуу жана натыйжалуу бөлүштүрүү | Кырдаалдык | Орто | Суучулдарды даярдоо жана суу алдындагы техникалык иштерди аткаруу борбору (Суучулдар кызматы) | Жетекчиси, каржы каражаттарын топтоо жана бөлүштүрүү үчүн жооптуу адистер | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн келип түшкөн финансы каражаттарын топтоого жана |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | каражаттарын атайын эсептерде топтоо жана бөлүштүрүү | | | | | | бөлүштүрүүгө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары |
| 38 | Ар кандай субъекттерден кайтарымсыз финансылык жана башка материалдык жардамдарды алуу | Алынган жардамды расмий тариздөө жана аны бөлүштүрүү | Кырдаалдык | Орто | Суучулдарды даярдоо жана суу алдындагы техникалык иштерди аткаруу борбору (Суучулдар кызматы) | Жетекчиси, каржы бөлүмү боюнча адис | Мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары |
| 39 | Маалыматтык продукцияны өндүрүүчүлөрдүн мамлекеттик реестрин жүргүзүү | Реестрди өз убагында жүргүзүү, анык маалыматтарды Реестрде чагылдыруу, реестрге киргизүү жөнүндө маселени аныктоо | Кырдаалдык | Орто: | Гидрометеорологиялык кызмат | Жетекчиси, реестрди жүргүзүүгө тартылган адистер | Жок |
| 40 | Министрликтин керектөөлөрүн камсыздоо үчүн КММ топтоо жана сактоо, ошондой эле автомай куюучу станциялардын жана пункттардын тармагын түзүү жана пайдалануу | Эсептик маалыматтарды анык жүргүзүү (толук жана анык маалыматты чагылдыруу), КММ кыймылын расмий тариздөө | Кырдаалдык | Орто | "Өзгөчө кырдаалдарга чара көрүү боюнча түндүк борбору" МИ | Жетекчиси, каттоо маалыматтарын жүргүзүүгө тартылган адистер жана КММ кыймылын контролдоого жооптуу кызматкерлер | Жок |
| 41 | Гуманитардык жүктөрдү кабыл алуу, сактоо жана берүү | Жүктөрдүн кыймылын расмий тариздөө (толук жана ишенимдүү маалыматты чагылдыруу) | Кырдаалдык | Орто | "Өзгөчө кырдаалдарга чара көрүү боюнча түндүк борбору" МИ | Жетекчиси, жүктөрдү кабыл алуу, сактоо жана берүү үчүн жооптуу адистер | Жок |
| 42 | Коргоочу курулмаларды калыбына келтирүү | Техникалык регламенттерди, келишимдин | Кырдаалдык | Орто | "Өзгөчө кырдаалдарга чара көрүү боюнча түндүк борбору" МИ | Жетекчиси, комиссияга | Жок |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | жана куруу, анын ичинде конкурстук негизде | ченемдерин, шарттарын жана техникалык тапшырмаларды сактоо менен сапаттуу курулуш | | | | катышууга тартылган адистер | |
| 43 | Ар кандай субъекттерге акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүү | Сапаттуу жана өз убагында кызмат көрсөтүү (расмий эмес акы үчүн кызмат көрсөтүүнү тездетүү жөнүндө маселе) | Кырдаалдык | Төмөн | "Өзгөчө кырдаалдарга чара көрүү боюнча түндүк борбору" МИ<br><br>Гидрометеорологиялык кызмат | Жетекчиси, кызмат көрсөтүү үчүн жооптуу адистер | Мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары |
| 44 | Коомдук тамактануу объекттерин, курулуш-монтаждоо, жасалгалоо, долбоорлоо-изилдөө иштерин, коммерциялык иштерди уюштуруу | Каражаттардын кыймылын жана коммерциялык ишти расмий тариздөө (толук жана так маалыматты чагылдыруу) | Кырдаалдык | Орто | "Өзгөчө кырдаалдарга чара көрүү боюнча түндүк борбору" МИ | Жетекчиси, эсептин маалыматтарын жүргүзүү үчүн жооптуу, ошондой эле коммерциялык ишмердүүлүктү контролдоочу адистер. | Коммерциялык иш жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары |